БЕКИТЕМ
Шарыпбек Абдылдаев атындагы
орто мектебинин директору:
_______________Т. Исаев
01.09.2022-ж

# Окутуу процессинде пайда болгон окуу процессинин катышуучуларынын ортосундагы пикир келишпестиктен же социалдык, диний, улуттук, жана башка басынтууларга дуушар болгондорунан келип чыккан маселелердин чордонунда жаралган чыр чатак, арыздануулардын кароонун жобосу:

1. **<u>Окуучулар ортосундагы пайда болгон маселенин каралышы</u>**

Окуучулар ортосундагы пикир келишпестиктер, окуучулардын ортосунда кандайдыр бир басынтуунун негизинде пайда болгон маселелер боюнча арыздануулар окуучулардын класс жетекчилери, мектептин тарбиялык иштер боюнча директордун орун басары жана социалдык педагогдун катышуусунда каралат, эки тараптын арыздануусу боюнча маселени ортого коюп чечишет. Жаралган маселенин жагдайына жараша мектеп уставынын жана эки тараптуу келишимдин негизинде иш алып барылат. Маселенин жагдайына жараша инстанциялык эреже боюнча арыздар кабыл алынат жана каралат. Эгер кооптуу маселе жаралып мыйзам бузуу тактался мыйзамдын негизинде иш алып барылат.

2. **<u>Окутуу процессинде мугалим менен окуучунун ортосунда пайда болгон чыр-чатак арыздануулардын каралышы</u>**

2.1. Эгер чыр-чатак маселе мугалим менен окуучунун ортосунда жаралса класс жетекчинин сүйлөшүүсү, андан кийин социалдык педагогдун кийлигишүүсүндө каралат. Эгерде маселе чечилбесе мектептин тарбиялык иштер боюнча орун басарынын кароосуна жиберилет. Маселе ырааттуулук менен, мектептин уставына ылайык, психологиялык, моралдык жактан адам укуктарын сактоо менен чечилет.

2.2. Маселени чечүү биринчи инстанциядан мүмкүн болбой калганда, мектептин директорунун арыздарды жана даттанууларды мектеп уставынын жана эки тараптуу келишимдин негизинде кароосунда жүргүзүлөт.

**<u>3. Окутуу процессинде жана тарбиялоодо мугалимдер менен ата-энелердин ортосунда жаралган маселелердин каралышы.</u>**

3.1. Чыр-чатак маселеси мугалимдин кызматтык милдеттенмелерин бузгандыгына байланышса же мугалим ата-энелердин моралдык жана психологиялык басынтуусуна дуушар болсо, далилсиз күнөөлөнсө, этикалык талаптарды бузса маселени мектептин административдик кеңешмеси карайт. Даттануулар жана арыздануулар мектеп уставынын негизинен чыкпастан, мыйзам жолунда, маселени курчутпоо аракетинде консенсуска чакыруу менен каралат.

3.2. Маселенин чечилишин жагдайына, татаалдыгына жараша кийинки инстанциялар карайт: мектептин этика комиссиясы, ата-энелер комитети.

**<u>4. Мектепте эмгектенген кызматкерлер ортосундагы чыр-чатак даттануулардын каралышы</u>**

4.1. Кызматкерлердин даттануусу окуу процессине гана тиешелүү болгон болсо мектептин администрация мүчөлөрүнүн кийлигишүүсүндө каралат.

4.2. Маселе кызматкердин психологиялык, моралдык бири-бири басынтуу ирээтинде болгон болсо мектептин этика комиссиясы карайт. Мектеп жетекчилиги билим берүү мыйзамынын негизинде, жагдайына жараша маселени ырааттуулук менен чечет, кызматтык милдеттенмелердин так аткарылышын карайт.